КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН - ТЕНИРИ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫККУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
ХАН-ТЕНИРИ

**Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 11- сесиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жыл 3-октябрь** **№ 68** **Ново-Вознесеновка айылы**

## Хан-Теңири айыл аймагында өкүлчүлүктүү жыйынды чакыруу жөнүндө

Хан-Теңири айыл аймагында Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо үчүн өкүлчүлүктүү жыйын өткөрүүгө, Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндөгү" 2025-жылдын 22-сентябрындагы №270 Жарлыгынын жана Улуттук кенештин 2023-жылдын 16-декабрындагы №1 чечими менен бекитилген "Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндөгү жобону" жетекчиликке алып, жергиликтүү кенеш **токтом кылат :**

1. Хан-Теңири айыл аймагында Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо үчүн өкүлчүлүктүү жыйын өткөрүү 2025-жылдын 1-ноябрында Ново-Вознесеновка айылындагы маданият үйүндө өткөрүү белгиленсин.
2. Хан-Теңири айыл аймагында Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо үчүн өкүлчүлүктүү жыйындын катышуучуларынын саны "Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндөгү жобонун" 7-пунктуна ылайык 10000ден 20000 ге чейинки калкы бар аймактардан 80 адам катышуу боюнча эсепке алынсын.
3. Хан-Теңири айыл аймагында Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо үчүн өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучуларды көрсөтүүгө жумушчу топ түзүлсүн. Жумушчу топко төмөндөгүлөр мүчө болуп киргизилишсин:
   - Жумушчу топтун төрагасы –жергиликтүү кенештин төрагасы,
   - Жумушчу топтун катчысы – жергиликтүү кенештин жооптуу катчысы,
   - Жумушчу топтун мүчөлөрү: ар бир айыл боюнча жергиликтүү кенештин депутаттары;
   - Ар бир айылдын айыл башчылары, коомчулуктун өкүлдөрү.
4. Хан-Теңири айыл аймагында айылдардын калкынын санына жараша квота менен катышуучуларынын саны төмөндөгүдөй бөлүнсүн:

- Ак-Булак айылы боюнча – 10 делегат;
- Ак-Булуң айылы боюнча – 10 делегат;
- Ак-Чий айылы боюнча – 7 делегат;
- Боз-Учук айылы боюнча - 6 делегат;
- Жыргалаң айылы боюнча - 5 делегат;

- Ичке-Жергез айылы боюнча – 10 делегат;
- Качыбек айылы боюнча – 5 делегат;
- Ново-Вознесеновка айылы боюнча – 15 делегат;
- Советское айылы боюнча - 5 делегат;
- Токтогул айылы боюнча – 7 делегат.

5. Айыл аймагындагы айылдардагы коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүүнүн графиги жана ага жооптуулар 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. Айыл аймакта Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо үчүн өкүлчүлүктүү жыйынды даярдоо, өткөрүү жана Элдик курултайдын делегаттарын шайлоого байланышкан чыгымдарга акча каражатын табуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**